**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**Кеңешинин отурумунун**
**№ 6 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 28-февралы** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Үсөн уулу М., Алымбекова В.А., Абдыкаарова Т., Каримов К.Ж.ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2021-2022-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча)
2. 1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнча, сабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча маселелер
3. Артүрдүүмаселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Бакиров М.Т жана Мааткеримова А.Мшартка байланыштуу келе албай калгандыктарын билдирип, Окумуштуулар Кеңешин баштоого кворум бар экендигин айтып, баштоону добушка койду.
Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **2021-2022-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавржана магистратура программалары боюнча)**. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир2021-2022-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы(бакалавр жана магистратура программалары боюнча) баяндама жасады. Баяндамада Кыргыз-Кытай факультетинде жалпы 224 студент бар, алардын ичинен бакалавр 198 студент, магистратурада 26 студент бар экендигин айты. Кышкы семестр боюнча карасак “Кытай таануу” жана“Лингвистика” багытарынынкышкы семестрдик сессиянын жыйынтыгы толук түрдө жыйынтыкталган, ал эми “Лингвистика” багытында КЛ(б)-1-21 тайпасынан 1-студент Өзбекистандан убагында келбей калгандыгына байланыштуу кышкы сессиясы бүтпөй калган. Ушул эле көрүнүш“Филология“ багытында да бар экендигин айты.Азыркы учурда жайкы семестрдин окуу, модуль, жана сессия графиги түзүлүп жатат ушул аптанын аягында бекитилерин белгиледи.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасыАйтикеев Т.К баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**2. 1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнчасабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча маселелерге.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О.1-2-3-4-курстардын студенттеринен факультеттин окуу шарттары боюнчасабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы боюнча маселелерге баяндама жасады. Мында ОшМУнун факультеттер аралык анонимдүү түрдө алынуучу анкетанын жыйынтыгы азырынча алына электигин тактап. Университеттен сырткары факультеттин деңгелинде жасоого иш аракетин жасалып жаткандыгын белгилеп кетти. Ошондой эле ар бир окутуучуга токтолуп сабактарды жакшыртынуу, окуу методикалык комплекстери боюнча кабыл алынган биринчи курстар үчүн толук маалымат берүүлөрүн жана студентерге сабактын алдында силлабустарды берүүнү дайындады.

ТөрагаТ.К.Айтикеев баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**3. Ар түрдүү маселелер:**

1. Төрага Т.К.Айтикеев зыркы учурда 3-4- курс аралыгында болуп жаткан ОшМУнунфакультеттер ичинде аңкетирлөөжүрүп жаткандыган билдирип,болуп жаткан аңкетирлөө боюнча толук түрдө 3-4- курстагы студенттердинкатышуусун көзөмөлдөп берүүсүн декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаирга жана 3-4- куурстардын кураторуна тапшырма берип кетти.
2. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир жарым жылдык отчету жана ар бир окутуучунун жеке иш планынын толтуру эрежесин жакшылап карап чыгынуу сунуштады.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2020-2021-окуу жылынын кышкы семестри боюнча сессиянын жыйынтыгы (бакалавр жана магистратура программалары боюнча) толук түрдө бектилсин.
2. Факультеттин ичинде факультеттин окуу шарттары боюнчасабак берген окутуучулар тууралуу жана өтүлүп жаткан сабактардын сапатын текшерүү үчүн анонимдүү түрдө алынуучу анкета түзүлсүн.
3. 3-4- курс аралыгында болуп жаткан ОшМУнун факультеттер ичинде жүрүп жаткананкетирлөөгө 3-4- курстагы студенттердин катышуусун көзөмөлдөп берүү жагын декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаиге тапшырылсын..
4. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир жылдык отчету жана окутуучулардын жеке иш планынын толтуру эрежесин жакшылап карап чыгуу боюнча айтыган сунуш аткарылсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Айтикеев Т.К**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **ТаштановаМ.М.**